| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭНЕРГЕТИКА МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ОТУН-ЭНЕРГЕТИКАЛЫК КОМПЛЕКСИН ЖӨНГӨ САЛУУ БОЮНЧА ДЕПАРТАМЕНТ** | **ДЕПАРТАМЕНТ ПО РЕГУЛИРОВАНИЮ ТОПЛИВНО-ЭНЕРГЕТИЧЕСКОГО КОМПЛЕКСА ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭНЕРГЕТИКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

# БУЙРУК

2023-жыдын 8-сентябры № 171 Бишкек ш.

**«Эрекен груп» ЖЧК тарабынан иштелип чыккан жана берилген жылуулук энергиясына тарифтер жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Электр энергетикасы жөнүндө», «Кыргыз Республикасынын табигый монополиялар жөнүндө» мыйзамдарына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 30-сентябрыдагы №193 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2021-2025-жылдарга карата жылуулук энергиясына орто мөөнөттүү тарифтик саясатына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 320 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департамент жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 18-февралындагы № 83 токтому менен бекитилген мамлекет жөнгө салуучу чарбакер субъекттердин товарларына (жумуштарына, кызмат көрсөтүүлөрүнө) бааларды (тарифтерди) аныктоонун тартиби жөнүндө жобого, Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин 2023-жылдын 31-майындагы № 101 «Жылуулук энергиясына жана ысык суу менен жабдууга тарифтер жөнүндө» буйругуна ылайык, отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча комиссиянын 2023-жылдын 8-сентябрындагы № 06/29 протоколдук чечимин эске алуу менен **буйрук кылам**:

1. 2023-жылдын 1-сентярынан тартып калк, бюджеттик, өнөр жай жана башка керектөөчүлөр үчүн «Эрекен груп» ЖЧК тарабынан иштелип чыккан жана берилген жылуулук энергиясына тарифтер 1 Гкал үчүн 3 577,07 сом өлчөмүндө белгиленсин (салыктарды эсепке албаганда).
2. Ушул буйруктун тиркемесине ылайык базалык жылга «Эрекен груп» ЖЧКтын пландуу техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдү бекитилсин.
3. Кыргыз Республикасынын Энергетика жана өнөр жай министрлигине карашуу Отун-энергетикалык комплексти жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2021-жылдын 28-декабрындагы № 211 «Эрекен груп» тарабынан иштелип чыккан жана берилген жылуулук энергиясына тарифтер жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп табылсын.

4. Жылуулук энергиясына тарифтерди белгилөө үчүн Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке берилген маалыматтардын толуктугу жана ишенимдүүлүгү үчүн жоопкерчилик «Эрекен групп» ЖЧКтын башкы директоруна жүктөлсүн.

5. Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаментке тарифти жана бааны жөнгө салуу башкармалыгы:

- ушул буйрукту «Эрекен групп» ЖЧКтын дарегине жөнөтсүн;
- жалпыга тааныштыруу үчүн ушул буйрукту Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин расмий сайтына жарыяласын.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Энергетика министрлигине караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча департаменттин директорунун орун басары Г.И. Хасеновага жүктөлсүн.

**Директор** **Т.Э. Орозалиев**